**Диндердин өнүгүү тарыхы – предмети боюнча**

Доолбоордук иш

Сабактын иштелмесинин үлгүсү

Сабактын темасы: Даосизм

7- класс Мугалим : Абдурасулова Г.А.

«Кыргызстандын 40-жылдыгы» орто мектеби, Лейлек району интернационал айылы

| **Сабактын максаты:** | **Көрсөткүчтөр:**<br>Эгерде окуучулар төмөнкүлөрдү аткарса, максаттарга жетет: |
|---|---|
| **Билим берүүчү максаты:** окуучулардын диндин табияты, мазмуну, тарыхы жана социалдык функциясы тууралуу маалыматка ээ болушат | Окуучулардын диндин табияты, мазмуну, тарыхы жана социалдык функциясы тууралуу айтып сүрөттөп беришсе; |
| **Өнүктүрүүчүлүк максаты:** окуучулар диндерге болгон туура көз караштарды, дин тутунуудагы салттуулуктарды, диндердеги руханий маданияттарды, персонаждарды салыштыруу менен анализдешет: | Окуучулар диндерге болгон туура көз караштарды, дин тутунуудагы салттуулуктарды, диндердеги руханий маданияттарды, персонаждарды салыштырып анализдешсе; |
| **Таалим-тарбия берүүчү максаты:** окуучулар ар кандай диний, деструктивдик багыттардын жана агымдардын таасирин алдын алууга, динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин жүзөгө ашырууну, эркин аныктоого тарбияланышат. | Окуучулар ар кандай диний көз караш жана түшүнүктөр бар экендигин билсе, диний көз караштар менен улуттук өзгөчөлүктөр эриш арка жүрөрү тууралуу маалымат алышса, динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин жүзөгө ашыруу тууралуу аныкташса; |
| **Негизги компетентүүлүк:**<br><br><br><br>**Предметтик компетенттүүлүк:**<br><br><br><br><br><br>**Мазмундук тилке:** | 1.Маалыматтык<br>2.Социалдык коммуникативдик<br>3.Өз алдынча уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү:<br><br>1. Диндерди таанып- билүүчүлүк<br>2. Жарандык<br>3. Руханий-адептик<br>4. Көп маданияттуулук<br><br>1. Руханий, адеп-ахлактык баалуулуктар<br>2. Диндердин тарыхый мейкиндиги<br>3. Диний негиздерди таанып-билүү |

**Сабактын формасы:** жаңы теманы өздөштүрүү, топтор менен иштөө, окуп түшүнүүнүн фомасы.

**Сабактын тиби:** Билимдерди жалпылоо жана системалаштыруу ,бышыктоо, кайталоо.

**Сабактын жабдылышы:** Китеп, плакат, сүрөт, компьютер жана проектор, класстер,Вендин дио-ы, Галлерея, пикир алмашуу, тегерек стол.

## Сабактын жүрүшү:

<table>
<tr><th>Сабактын этаптары</th><th>Убакыт (минута)</th><th>Мугалимдин иш аракети</th><th>Окуучунун иш аракети</th><th colspan="2">Компетент-түүлүк</th><th>Баалоо</th></tr>
<tr><td>Уюштуруу, шыктан -<br><br>-дыруу</td><td>2</td><td>Мугалимдин окуучулар менен саламдашуусу жана окуучулардын сабакка даярдыгына көз салуу.</td><td>Саламдашуу жана окуучулар сабакка даяр экендигин билдиришет.</td><td>НК<br><br>3</td><td></td><td>ДИО</td></tr>
<tr><td>Окуучулар-<br><br>дын билимин актуалдаш-<br><br>-тыруу</td><td>3</td><td>Балдар, азыркы мезгилде жер шаарында үч дүйнөлүк дин бар, алар буддизм, христиан жана ислам диндери экени силерге белгилүү.<br><br>Мээ чабуулу:</td><td>Окуучулар өз билимдерине таянуу менен билгендерин айтып беришет.</td><td>НК<br><br>1</td><td>ПК<br><br>1<br><br>2<br><br>3<br><br>4</td><td></td></tr>
<tr><td>Сабактын темасын, максатын күтүлүүчү натыйжа---лары</td><td>2</td><td>Мугалим доскага жаңы теманы жазат же экранга слайдагы жаңы теманын аталышын көрсөтөт. Сабактын максатын түшүндүрүү менен кандай ишмердүүлүк жүргүзөрүн айтат.</td><td>Окуучулар теманы жазышат. Бүгүнкү сабакта кандай ишмердүүлүк жүргүзүп, эмнеге жетише тургандыктарын билдиришет.</td><td>НК 1<br><br>2.3</td><td></td><td>ДИО</td></tr>
<tr><td>Үй тапшырмасы менен иштөө</td><td colspan="3">Суроолор менен иштөө</td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Жаңы материалды түшүндүрүү, текстер, тестер менен иштөө</td><td colspan="5">Жаңы теманы өздөштүрүү<br>План:<br>1. Дао жана даосизм. IV-III- кк Кытайда философиялык окуу катары даосизмдин пайда болушу<br>2. Даосизмдин 5 элемент жөнүндө окуусу<br>3. Даосизм ыйык китеби<br>4. Даосизмдеги кудайлар пантеону<br><br>https://docs.google.com/presentation/d/1uRxr0ikPbMCz-UuKocp9GbSQ6j8Le3u-/edit?usp=sharing&ouid=101133801759368848321&rtpof=true&sd=true<br><br>1.Дао жана даосизм. IV-III- кк Кытайда философиялык окуу катары даосизмдин пайда болушу- Даосизм кытайлардын Конфуцианстводон кийинки экинчи улуттук дини болуп эсептелет. Даосизм «Тао» деп аталган кудайдын атынан келип чыккан. Бул динде сыйкырчылар, дин адамдары жана диний шефтер бар. Алар Даосизмдеги ар кандай диний ритуалдарда негизги ролду</td><td>15<br><br>мин</td></tr>
</table>

аткарышат. Даосизмдеги диний ритуалдардын эң башында жаз айынын келиши менен майрамдала турган жаз майрамы турат. Бул майрамда даосисттер от жагышып отко күрүч менен туз таштап жыланайлак чуркап өтүшөт. Даосисттер өлгөн адамдарды, тирүүлөрдүн тынчын албастан мазарларда бейпилдикте жатат деп ишенишет. Даосизмде  мазарларга чоң маани берилет. Ошондуктан көп жылдар бою мазарларда илимий изилдөө иштерине уруксат беришкен эмес.

**Лао – Тсүнүн кыскача өмүр баяны** *Кытай философу жана ойчулу Лао – Тсу, Даосизмдин негиздөөчүсү болуп эсептелет. Ал Б.з.ч. 604 - жылдары жашап өткөн. Анын өмүр баяны Б.з. 100 – жылдарында Ссеума Тсен тарабынан жазылган. Лао – Тсунун чыныгы аты Ли Тан. Лао – Тсу ага берилген лакап жана ал «улгайган акыл- ман» деген мааниге келет.*

**2.Даосизмдин 5 элемент жөнүндө окуусу - Даосизмдин негизги принциптери**

Лао – Тсунун доктринасынын негизинде мистикалык пантеизм жатат. Даосизмде адеп – ахлак, өтө момундук жана сопулукка таянат. Тао дүйнөнү башкарган себеп. Ошондуктан адамдар аны билиши керек. Лао – Тсу Тао боюнча көп ойлорду айтат. Адамдар Таого дайыма сый урмат менен мамиле кылуулары керектигин баса белгилеп, кээде Таого «Эне» деп айтуу да туура экендигин айтат.

**3.Даосизм ыйык китеби -** Ли Тандын көп жыл жашагандыгы  айтылат. Ал өзүнүн өмүрүнүн көпчүлүк убактысын Чу сарайында архив кызматчысы катары кызмат кылуу менен өткөргөн. Кандайдыр бир себептер менен Конфуцийге жолуккандыгы да айтылат. Чу династиясынын кулап бараткандыгын байкаган Ли Тан, ал династияны таштап Хонан тарабка өткөндүгү айтылат. Ошол жерде ал өзүнүн окуучусу Тсинин таасири менен «Тао Те Кинг» деген эмгегин жазат. Ал боюнча «Тао» жаратуучу

принцип, «Те» Инсандык сапат, «Кинг» да китеп. Бул китеп ушул күнгө чейин Даосисттердин негизги китеби бойдон кала берген жана Таонун эмне экендигин кеңири маалымдаган. Түшүнүлүшү өтө оор болгон бул китеп, көпчүлүк Европалык аалымдар тарабынан которулганга аракет кылынса да ийгиликтүү болгон эмес

4.Даосизмдеги кудайлар пантеону- 3 негизги кудай болгон.

Юаньши Тяньцзунь  даосизмдин жогорку кудайларынын бири . Нефриттей  Таза  деп дагы аталган. Ал  Жер Ааламдын башталышында пайда болгон андан кийин Асман менен Жерди жараткан деп айтылган.



Нефриттик император Юй-хуан, — даосизмдин пантеонундагы экинчи жогорку кудай. Жогорку элөөчү адамдардын тагдырын чечүү болуп эсептелет. Өзүнүн асмандагы нефрит сарайынан жер жүзүнүн баардык жагын башкарат. Анын кол алдында майда периштелер жана духтар дагы баш ийишкен.



Люй Дунбинь — даосизмдеги патриарх, сегиз өлбөстөрдүн катарына кирген. Ал өзүн Таза Яндын мастеримин деп атаган. Ал болжол менен Хунанда 796- жылы династия Тандын мезгилинде туулган. Аны жамандык менен күрөшүүчү колунда кылычы бар элестетишет.



| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Бышыктоо: | 10 | Суроолор менен иштөө:<br><br>1. Окуучулар туура суроо жаңы терминдерге анализ жасашат | Топто иштөө, класстер түзүшөт, тестер мн иш | НК<br><br>2<br><br>3 | ПК<br><br>1.2.3.4 | |
| Сабакты жыйынтыктоо | 3 | Балдар силер бул сабактан кандай маалымат алынар, пайдалуу болдубу? | Окуучулар өз ойлорун айтышат | 1 | | |
| Үйгө тапшырма: | 2 | 1. Теманы окуп келүү<br><br>2. Түшүнүктөрдү жазып келүү | | Кайтарым байланыш | | _____<br>_% |

## Сабакта колдонулуучу интеллект карта:

